УДК 820/89.0

Ч. Толубаева

# МУКАЙ ЭЛЕБАЕВДИН «СОҢКУ БИР КҮН» ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ПСИХОЛОГИЗМДИН БЕРИЛИШИ

*Бул илимий макалада адабият таануудагы негизги проблемалардын бири болгон психологизм проблемасынан кыскача маалымат берилди, Мукай Элебаевдин «Соңку бир күн » деген аңгемесинде психологизм маселелери каралды.*

Адабият жана искусствонун негизги предмети болгон жеке адамдын турмуштагы ордун, жүрүш- турушун, ички жан дүйнөсүн, кулк –мүнөзүн ачып берүү проблемасы көркөм адабияттын психологизм маселесинде каралат.

Каармандын образын жаратууда анын ар кандай кылык- жоругун,иш- аракетин, жан-дүйнөсүн, сырткы сезимдерин көрсөтүү автордун профессионалдык чеберчилигине байланыштуу. Психологизм проблемасы жеке адамдын бүткүл жашоосун берүү менен доордун /замандын/ мүнөзүн көрсөтүп турат.

М. Элебаевдин «Соңку бир күн» аңгемесиндеги окуя кокусунан кезиккен эки жаштын сүйүүсү жөнүндө болот. Бул чакан аңгемеде каармандар Кенжегул, Сайкалдын образдарын алардын диалогдору, ички жан дүйнөсү, сырткы сезимдери аркылуу ачуу менен, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги жалпы эле карапайым калктын жашоосун чагылдырат. Аңгемеде Кенжегул деген жигит согушка барып, жеңил жарадар болуп кайтып, ушул дем алууда тоолуу жер Тянь- Шань областында доклад окуп, өкмөттүн тапшырган милдетин аткарып жүрүп, кайтаар соңку күндө жүрөгүнөн түнөк тапкан Сайкал аттуу келинге жолугуп аңгеме- дүкөн курганы менен башталат.

«Сиз ошол кагазды көп карайсыз, теги маанисин билишке болоор бекен?-деди, Кенжегулга күлүмсүрөп. Үстүндө чарчы боюна кептүү тигилген кызыл тукаба бешмант. Акактай тастайган чыпчымыр, нурдуу жүзүндөгү жарашыгын таап туруп кол менен койгондой бир меңи бар» [аталган чыгарма, 382-б.].

Автор каармандын портретин жаратууда анын сулууча келген нурдуу жүзүн жана Кенжегулга болгон күлүмсүрөөсүн сүрөттөө менен экөөнүн жан–дүйнөсүндөгү жактыруу сезимди көрсөтүп, аларды курчаган айлана-чөйрө менен согуш учурундагы элдин жашоосун, алардын психологиялык абалын чагылдырган.

Жөнөкөй көркөм деталдар менен жазылган аңгемедеги эки жаштын бири-бирине болгон сезимден терең психологиялык процесс көрүнөт. Жазуучу кудум карапайым тоолук келиндин жан дүйнөсүн, кыймыл–аракетин, жашоого болгон көз карашын ашыра көркөм сүрөттөбөстөн жай турмуштук көрүнүш менен берет. Келиндин турган турпатына, жасаган ар-бир кыймыл-аракетине тымызын көз салып отурган Кенжегулдун образы анын жасаган иши менен көрүнүп, Сайкалдын образын толуктап чыгармадагы реалисттик психологизмди көрсөтөт. Чыгарманын негизги сюжети каармандардын диалогдору аркылуу өсүп-өнүгүп отурат. «Чынын айтты. Мындан кийин эшиктен бирөө кирип келеби дегендей озунуп:

- Карындаш, бир сөзгө уруксат болоор беле ?- деп окус жерден айта салды. <u>Келин сулуу жүзүнө жарашып, кылтыйып чыгып турган бир маңдай чачын жоолугуна катып жатып, адегенде томсоро түшүп, соңунан эрди жымыйып койду</u>.
- Ал биздин ыктыяр эмес.

Бул жерге келгенде, Кенжегул алыстан чалып, мисалдатып келип, аягында:

-<u>Унутуп койгон иш эле ...Менин эсиме бир эски күндү кайра түшүрүп отурасыз...-деди</u>» [382-б. белгилегенбиз - Ч.Т.]. Автор Кенжегулдун сырт жүзүн, ички жан дүйнөсүнүн абалын сүрөттөгөн жок. Каармандын сүйлөгөн сөзү менен анын жан дүйнөсүндөгү толгонууну берди. Анын сөзүнөн өткөндөгү өмүрү менен, азыркы окуя учурундагы жан дүйнөсүнүн абалы эң сонун көрүнөт. Мында жан дүйнөсүн. М. Элебаев каармандардын диалогу, жүзүнүн /бетинин/ өзгөрүшү менен алардын ички дүйнөсүн көрсөттү.Бул тексттеги үзүндүдө Сайкалдын күлүмсүрөөсү, томсоро түшүшү, жымыйып койгону ушул учурдагы психологиялык процессти ачып турат.

Жазуучунун чеберчилиги каармандардын кыска диалогдору менен жүрөктөгү жакшы көрүүсүн билдирүүгө багыт алган адамдын сезимин жөнөкөй турмуштук

көрүнүштөр башкача айтканда, бирин-бири жактыруу абалы лирико-психологиялык штрихтер менен сүрөттөлгөн. Автор эки каармандын диалогу менен жеке адамдын сүйүү сезимин эле көрсөтпөстөн ошол мезгилдеги өткөөл учурдун, согуш учурундагы элдин, энелердин психологиялык абалын да эң сонун берген. «Артында жок,алдында жок, кемирчеги ката элек жалгыз эле…» [383-б.]. Бул жерде эненин бүтпөгөн санаасы. Жазуучу кадыресе турмуштук жагдайларды чагылдыруу аркылуу реалисттик сүрөттөөнү берип жатат. «Жеңеси кайра чыгып кетип, эшик жабыла бергенден кийин Сайкалга:

- Нечедесиз? - деди Кенжегул, жасап жаткан папиросун шилекейлеп.

- Жыйырма бирде.
- Күйөөңүз барбы?
- Бир кезде болгон.
- Ал киши бүгүн?
- Токолуна күйөөлөп кеткен.
- Ойнобой айткандачы ?
- Айтаарлык тамашасы деле жок.
- Ошондо да ?
- Биз ал өмүрдү сүрүп деле кыйратпадык окшойт. Ата- энебиз башынан эскиче келишип коюп, көңүлүбүз жок бирөөгө берген экен. Анысы да мээси бөксөрөөк неме болчу. Кыргыз чалагайым дечү беле. Куландан соо туруп эле кыйкылдап-чыйкылдап барып, көзү акшыйып барып жатып калчу. <u>Бир азап! Зили ошондой болду көрүнөт, мен баргандан кийин эки жылга жетпей өлүп калды …</u>

<u>Ушул жерге келгенде муңайгансып барып терең улутунуп алды</u>» [383-384-б. белгилегенбиз - Ч.Т.].

Монотондуу өнүккөн каармандардын кыска суроо-жооптору менен бүтүндөй бир адамдын өмүрүн берип койду. Кирип чыгып оокат кылып жүргөн сулуу келиндин ички жан дүйнөсүндө кандай окуялар, турмуштук өксүктөр жатат. Автор каарманды өтө боёп сүрөттөбөстөн, анын жан дүйнөсүн жөн гана сүйлөшүүлөр аркылуу ачып берди. «<u>Бир азап!</u>» деген илеп белги менен келген сөздүн тереңинде эмне деген жашоо, азап-тозок жатат. М. Элебаев Сайкалдын өткөн турмушун көрсөтүү менен, ички дүйнөсүндөгү азапты берип койду. Жазуучу каармандын терең улутунуусу менен анын учурдагы психологиялык абалын чагылдырып, келиндин жашоого болгон наразылык, жан дүйнөсүндөгү жараны, өкүнүү, тагдырга тарынууну көрсөттү. М. Элебаев каарманды ыйлаткан жок, өксүктүү сөздөр менен сүйлөткөн жок, кейиткен да жок, жөн гана терең улутунуу менен Сайкалдын жашоого, ата-энесине болгон наразычылыгын билдирди. Сайкал менен Кенжегулдун сүйлөшүүлөрүнөн турмуштук чоң проблемалар козголуп жатат. Адам - нравалык проблема, кыргыздын салттары, ата-энесинин эркине каршы чыга албаган нечендеген кыздардын кейиштүү тагдыры. Гумандуулук. Карапайым элдин социалдык жашоосу. Автор Сайкалдын жашоо-турмушун, кыял–жоругун, кыймыл аракетин, турмушка болгон түрдүү көз карашын Кенжегул аркылуу ачып берип отурат. Жазуучу Кенжегулдун жеке өмүрүн, өткөн турмушу жөнүндө түк эч нерсе билдирбейт. Ал болгону аскер жана өкмөт адамы. Мамлекеттин кызматында жүрөт.

«<u>Ээ, карындаш …-деп бир топко мелтиреп калып</u>, анан баштап: - Бу дүйнөгө келбеген гана кишинин арманы болбойт,- деди Кенжегул. Закон ошол. Бирде күлкү,

бирде күрөш. Өйдө ылдыйы жок, ой чуңкуруна кезикпей салгандан даңгыр жолго түшкөн адамды көргөнүңүз барбы? Турмуштун тузу ошондо. Арзан дүйнөгө бөлөнүп, жылдыр дооран сүргөндөн көрө мээнет менен жеткен ыракат артык. Жашсыз, али жайнай турган жармаңкениз алдыда. Согуш бүтсүн… Ырас, бир кезде болгон экен… » [385-б.] [биз белгилеген- Ч.Т.]. Автор Кенжегулдун көпкө мелтиреген абалы менен анын турмушту жөн эле бир жеңил күнүмдүк нерсе катары карабастан, өтө терең маани берип, ой жүгүртүп тургандыгын көрсөткөн. М. Элебаев каармандын сүйүүгө кылган мамилесин өтө ашыра чаап, кооз сөздөр менен бербестен, кадимки турмушта кездешүүчү сөздөр менен сүрөттөйт.

Чыгармадагы психологизм проблемасы диалог, жазуучунун сүрөттөөсү, кыймыл–аракет, каармандын көңүлү /кайгылуу же күлүмсүрөө/ менен гана берилбестен, Кенжегулдун ички монологу аркылуу да берилген. «Бирде жоголуп, бирде көрүнө калып жүргөн Сайкалдын кыймылын аңдып отуруп: Бүтүн Ат- Башы, Нарынды аралап жүрүп кетеримде кез болгон селкини карачы,- деп ойлонду бир кезде. –Алыскы тоодо кандай кыздар бар, ээ! Тарсылдатып жумуш кылганын кара. Тынбайт. Маңдайы күндөй жарык. Токсон кайгы бир келсе да былк этпес эле. Өң, түс, акыл бул чиркинге баарын берген эле. Үнү бороондуу күнү алыстан угулган коңгуроонун өзү. Жапжаш. Бул жыйырма бирде, мен отуздун алда канча жеринде. Жашчылык кезим – оңой менен калбайт белем? Же сынап олтурабы? Жок андайы көрүнбөйт. Аттиң согуш болбосо!…» [387-б.]. Автор каармандын бул монологу менен анып жан дүйнөсүн, оюн, сезимин, максатын берди. Кенжегулдун сүйүүсү суктануу, салыштыруу менен берилсе, Сайкалдын ички жан дүйнөсү эмне дейт. Жазуучу келинди ойго салып толгонтпойт, анын көз карашы, кыймыл аракетинен эле чагылдырат . Бул үчүн кайрадан тексттеги үзүндүгө кайрылалы: «Түн ортосу болду, жатар мезгил жетти. Сайкал чыгып бара жатып: - Эшикти илип аласыңбы, жеңе?-деп колун артына жибере каалганын туткасын сыйпалап издеп жатып, артынан Кенжегулга бир карады эле, май куюп жиберген оттой көзү жалт эте түштү» [387-б.]. Дагы бир жеринен «Маңкайган жүзгө сынап карап туруп:

-Унутпайсыңбы?- деди кайра такып.

-Унутпайм. Ал жактан кадырыңыз жан болсун.

Ушундай дегенден кийин сызылган акылдуу көзү коюла түшүп, Кенжегулдун көзүнө бир мелтирей калалып калды дейсиң - айтып жеткире турган тил жок. Жалгыз ушул караштан гана Кенжегул баарын түшүнгөндөй болду.» [388-б.] [белгилегенбиз – Ч.Т.].

Жазуучу каармандын көзү аркылуу анын ички жан дүйнөсүн ачып берди. Сайкалдын жалт караганы, көзүнүн коюла түшүшү, кадалып караганы менен бардык суроого жооп табылып жатат.

Мукай Элебаевдин «Соңку бир күн» ангемеси - эң терең жазылган психологиялык чыгарма. Жазуучунун чеберчилиги жөнөкөй көркөм деталдар менен конкреттүү проблемаларды козгоп, лирико-психологиялык процессти чагылдырды.

## АДАБИЯТТАР

1. Александрова К.Е. Проблема художественного психологизма в творчестве М.А: Шолохова /Автореферат канд. дисс. -Томск,1980.
2. Гинзбург Л.Я. О психологической прозе. -М.,1971.

3. Лайлиева И.Д. Интернациональный фактор и психологизм современной киргизской прозы. - Ф., 1983.
4. Элебаев М. Тандалган чыгармалардын бир томдук жыйнагы. -Ф.,1974.
5. Үкүбаева Л. Художественное мастерство раннего творчества Чингиза Айтматова.- Б.,1999.